# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2020-жылдын 17-декабры № 614*

## Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгисин колдонуу тартиби жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

"Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгисин колдонуу тартиби жөнүндө жобо, 1-тиркемеге ылайык;

- Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо, 2-тиркемеге ылайык.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы № 227 "Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, тибин бекитүүнүн белгисин колдонуу тартиби жөнүндө жобону, Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 25-мартындагы № 153 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу" токтомунун 5-пункту;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-июлундагы № 357 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы № 227 "Ченөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, тибин бекитүүнүн белгисин колдонуу тартиби жөнүндө жобону, Ченөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому.

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министринин**
**милдетин аткаруучу,**
**биринчи вице-премьер-**
**министр** **А.Новиков**

**1-тиркеме**

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-декабрындагы № 614 токтомуна)*

# Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгисин колдонуу тартиби жөнүндө ЖОБО

Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгисин колдонуу тартиби жөнүндө ушул жобо "Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу максатында иштелип чыкты жана мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүнө кирүүчү өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн аларды жүгүртүүгө чыгарууда тибин бекитүүнү жана тибин бекитүүнүн белгисин колдонууну, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоону уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жалпы талаптарды белгилейт.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аймагында өндүрүлгөн, аларга карата Евразия экономикалык комиссиясы тарабы нан бекитилген өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу боюнча иштердин натыйжаларын өз ара таануу эрежелерине ылайык ушул өлчөө каражаттарынын тибин бекитүүнү өз ара таануу жүргүзүлгөн өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү жана тибин бекитүүнүн белгисин колдонуу Евразия экономикалык комиссиясы тарабынан бекитилген тартипте жүргүзүлөт.

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүүнүн белгисин колдонуу тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) сыноолорду жүргүзүү жана өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү тартибин, Кыргыз Республикасында чыгарылган же Кыргыз Республикасына ташып келинген, мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө колдонулууга тийиш болгон өлчөө каражаттарын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүүнүн белгисине техникалык талаптарды, анын формасын, өлчөмүн, колдонуу тартибин белгилейт.

2. Ушул Жободо колдонулуучу түшүнүктөр:

**стандарттык үлгү** - болжолдонгон багытына ылайык сапаттык касиеттерин өлчөөдө же баалоодо аны колдонуу үчүн белгилүү касиеттерге карата жетишерлик түрдө бир өңчөй жана туруктуу материал;

**өлчөө каражаттарынын тиби** - бир эле аракет принцибинде негизделген, бирдей конструкцияга ээ болгон жана бир эле техникалык документ боюнча даярдалган бир эле багыттагы өлчөө каражаттарынын жыйындысы;

**өлчөө каражаттарын сыноо** - мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө колдонулуучу өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү максатында өлчөө каражаттарынын үлгүлөрүн милдеттүү сыноо;

**өлчөө каражаттарын изилдөө** - изилденип жаткан өлчөө каражаттарынын метрологиялык мүнөздөмөлөргө шайкештигин аныктоо;

**өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү** - метрология боюнча улуттук органдын өлчөө каражаттарынын тибинин белгиленген талаптарга шайкештиги жөнүндө чечими;

**сыноо протоколу** - сыноо натыйжаларын же сыноого тиешелүү башка маалыматтарды камтыган документ.

## 2-глава. Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоонун тартиби

3. Кыргыз Республикасында чыгарылган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарынын жана Кыргыз Республикасында чыгарылган, мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө колдонулуучу стандарттык үлгүлөрдүн тиби бекитилүүгө тийиш.

Бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттары катталууга тийиш.

4. Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү жана каттоо жөнүндө чечим өлчөө каражаттарын сыноонун же изилдөөнүн (каттоодо) жана стандарттык үлгүлөрдү лабораториялар аралык аттестациялоонун оң натыйжаларынын негизинде метрология боюнча улуттук орган тарабынан кабыл алынат.

5. Тиби бекитилген өлчөө каражаттарына метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитүүчү формага ылайык өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө сертификат берилет.

Каттоо жол-жобосунан өткөн өлчөө каражаттарына метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык өлчөө каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүк (өлчөө каражаттарынын заводдон чыккан номерлерин көрсөтүү менен) берилет. Өлчөө каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүк изилдөөгө берилген өлчөө каражаттарына жайылтылат. Ал эми башка бирдей/окшош өлчөө каражаттарына өлчөө каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүк жайылтылбайт.

6. Тиби бекитилген стандарттык үлгүлөргө метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык мамлекеттик стандарттык үлгүнүн тибин бекитүү жөнүндө сертификат берилет.

7. Метрология боюнча улуттук орган тарабынан Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын техникалык жөнгө салуу жана метрология чөйрөсүндөгү улуттук органдары кошулган өз ара таануу жөнүндө башка уюмдардын макулдашууларына ылайык чет өлкөлөрдө өндүрүлгөн өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын таануу жана өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жүргүзүлөт.

8. Ушул Жобонун 7-пунктунда баяндалган негиздер боюнча таанылган өлчөө каражаттарына, сыноолордун натыйжаларына жана тибин бекитүүгө метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык өлчөө каражаттарынын тибин бекитүүнү таануу жөнүндө сертификат берилет.

9. Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн бекитилген типтери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого ылайык Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестринде катталууга тийиш.

10. Даярдоочу ушул Жобонун 7-главасына ылайык өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисин коюуну камсыз кылат.

11. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгиси Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн өлчөө каражаттарына коюлат. Импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарына өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисин коюу милдеттүү эмес.

12. Стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүүдө тибин бекитүү белгиси стандарттык үлгүлөргө жана эксплуатациялоо документтерине коюлат.

13. Сыноолорду жүргүзүүгө, өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын таанууга жана өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүүгө байланышкан чыгымдардын орду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бекитилген тарифке жана түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык толтурулат. Изилдөө жол-жоболорунан тышкары, каттоо жол-жобосу акысыз негизде жүргүзүлөт.

14. Метрология боюнча улуттук орган берилген документтерге метрологиялык экспертиза жана өлчөө каражаттарынын үлгүлөрүнө жана стандарттык үлгүлөргө идентификациялоо жүргүзөт.

15. Метрологиялык экспертиза жүргүзүүдө метрологиялык камсыздоо жаатындагы метрологиялык талаптарды, эрежелерди жана ченемдерди колдонуунун тууралыгы талданат жана бааланат.

16. Метрологиялык экспертизадан кийин документтер, өлчөө каражаттарынын үлгүлөрү жана стандарттык үлгүлөр метрология боюнча улуттук орган тарабынан бекитилген программага ылайык өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү максатында өлчөө каражаттарын сыноону жана стандарттык үлгүлөрдү аттестациялоону жүргүзүү үчүн метрология боюнча улуттук органдын лабораториясына же чарба субъекттеринин метрологиялык кызматтарына жөнөтүлөт.

17. Өлчөө каражаттарын сыноонун жана стандарттык үлгүлөрдү лабораториялар аралык аттестациялоонун оң натыйжаларын алгандан кийин документтер, өлчөө каражаттарынын үлгүлөрү жана стандарттык үлгүлөр, сыноо протоколдору метрология боюнча улуттук органга өткөрүп берилет, ал метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү форма боюнча сыноо актысын тариздейт.

18. Метрология боюнча улуттук орган сыноо материалдарын Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү боюнча туруктуу иштөөчү комиссиянын (мындан ары - Комиссия) кароосуна киргизет, ал өлчөө каражаттарын сыноонун жана стандарттык үлгүлөрдү лабораториялар аралык аттестациялоонун оң натыйжаларынын негизинде өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү жөнүндө чечим кабыл алат.

19. Комиссиянын курамы метрология боюнча улуттук органдын буйругу менен бекитилет. Комиссия жети мүчөдөн турат, ага метрология боюнча улуттук органдын кызмат адамдарынын ичинен дайындалуучу комиссиянын төрагасы жана катчысы кирет. Метрология боюнча улуттук органдын өкүлдөрү, юридикалык жактардын метрологиялык кызматтарынын өкүлдөрү Комиссиянын мүчөлөрү боло алат.

20. Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүүдө Комиссия өлчөө каражаттарынын текшерүүлөр ортосундагы интервалын жана стандарттык үлгүлөрдү колдонуу мөөнөтүн аныктайт.

21. Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн бекитилген тиби, анын ичинде же бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген изилденген өлчөө каражаттары Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестринде катталууга тийиш.

22. Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү жөнүндөгү сертификат же өлчөө каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүк берилген үлгүлөр менен арыз ээсине берилет.

23. Өлчөнүүчү параметрлердин чоңдуктары, уруксат берүү талаптары, деңгээлдер, четке кагуулар, катачылыктар өлчөө каражаттарынын паспорттук маалыматтарына шайкеш келбеген учурда терс чечим кабыл алынышы мүмкүн.

24. Терс чечим кабыл алынган учурда, Комиссия арыз ээсине өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүүдөн жана өлчөө каражаттарын каттоодон баш тартууга жазуу жүзүндө негиздеме жөнөтөт.

25. Арыз ээси Комиссиянын терс корутундусу менен макул болбогон учурда өзүнүн катышуусунда кошумча сыноолорду жүргүзүүгө катышуу укугуна ээ.

## 3-глава. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү, өлчөө каражаттарын изилдөө жана бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо максатында өлчөө каражаттарына сыноолорду жүргүзүү тартиби

26. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү максатында өлчөө каражаттарын сыноону метрология боюнча улуттук орган, ошондой эле өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу боюнча мамлекеттик орган тарабынан ыйгарым укук берилген юридикалык жактар белгиленген тартипте жүргүзүшөт.

27. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү максатында өлчөө каражаттарын сыноо үчүн арыз ээси төмөнкү документтерди берет:

1) эркин формадагы өтүнмөнү;

2) сыноо программасында каралган сандагы өлчөө каражаттарынын үлгүлөрүн;

3) эксплуатациялоо документтерин;

4) стандартташтыруу боюнча документти же документтин долбоорун (ага ылайык өлчөө каражаттары чыгарылуучу документ, эгер иштеп чыгуу каралса), ошондой эле эксплуатациялоо документтеринде "Текшерүү методикасы" бөлүмү жок болсо, текшерүүнүн методдоруна жана каражаттарына документтер;

5) метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү форма боюнча жалпы көрүнүшү 13х18 см же 18х24 см болгон сүрөтү менен тибин сүрөттөөнүн долбоорун;

6) өлчөө каражаттарынын тибин сыноо программасынын долбоорун.

28. Өлчөө каражаттарынын тибин сыноо программасы метрология боюнча улуттук орган тарабынан бекитилет. Арыз ээси менен макулдашылып, программа метрология боюнча улуттук органдын катышуусунда иштелип чыгышы мүмкүн.

29. Метрология боюнча улуттук органда өлчөө каражаттарына сыноо жүргүзүү үчүн керектүү жабдуу жок болгон учурда, арыз ээси сыноо үчүн жабдуу жана өлчөө каражаттарын берет.

30. Сыноо жүргүзүлгөндөн кийин жабдуу жана өлчөө каражаттары арыз ээсине кайтарылып берилет.

31. Өлчөө каражаттарына жүргүзүлгөн сыноонун натыйжаларына карата метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык сыноо протоколу жана сыноо актысы (эки нускада) таризделет.

32. Сыноонун натыйжалары оң болгон учурда тибинин сүрөттөлүшү жана текшерүү методикасы бекитилет.

33. Натыйжалар терс болгон учурда арыз ээсине кайтарылуучу документтерди тиркөө менен өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү мүмкүн эместиги жөнүндө корутундуга ээ сыноо актысы таризделет.

34. Бир нускада же чакан партиялар менен (10 бирдикке чейин) Кыргыз Республикасында даярдалган же ташып келинген, мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө колдонулуучу өлчөө каражаттары өлчөө каражаттарын сыноонун оң натыйжаларынын негизинде метрология боюнча улуттук органда катталууга тийиш.

35. Каттоо жол-жобосунан өтүү үчүн арыз ээси (өндүрүүчү, импортер) метрология боюнча улуттук органга өлчөө каражаттарынын нускасы/нускалары менен кошо төмөнкүдөй документтерди берет:

1) өтүнмөнү (эркин формада);

2) эгерде арыз ээси Кыргыз Республикасынын өндүрүүчүсү болуп саналса өлчөө каражаттарын иштеп чыгууга техникалык тапшырма же өлчөө каражаттарына карата техникалык жана (же) метрологиялык талаптарды камтыган алмаштыруучу документти;

3) эксплуатациялоо документтерин;

4) өзүнчө документ катары текшерүү методикасынын же эксплуатациялоо документтеринин бөлүмүнүн долбоорун.

36. Эгерде арыз ээсинде тиешелүү орнотмо жана эталондор болсо, анда өлчөө каражаттарын каттоону жүргүзүүчү метрология боюнча улуттук органдын макулдугу менен арыз ээси бул жабдууну жана эталондорду каттоо жүргүзүү үчүн берет.

37. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгына ылайык метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формада эксплуатациялоо үчүн өлчөө каражаттарынын жарактуулугун/жараксыздыгын көрсөтүү менен протокол түзүлөт.

38. Өлчөө каражаттарын изилдөөнүн оң натыйжалары Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрине (мындан ары - Мамлекеттик реестр) киргизүү жана өлчөө каражатын белгиленген метрологиялык мүнөздөмөлөр менен эксплуатациялоого берүү үчүн негиз болуп саналат.

Өлчөө каражаттарын изилдөөнүн натыйжасы терс болгон учурда метрология боюнча улуттук орган беш жумуш күндүн ичинде арыз ээсине өлчөө каражаттарынын эксплуатациялоого жараксыздыгы жөнүндө расмий кат жөнөтөт.

39. Документтерди кароо жана каттоо мөөнөтү ушул Жобонун 35-пунктуна ылайык документтердин толук топтому менен кошо өтүнмө берилген күндөн тартып 30 жумуш күндөн ашпоого тийиш.

40. Өлчөө каражаттарына изилдөө жүргүзүү протоколу биринчи текшерүү интервалынын мөөнөтү бүткөнгө чейин сакталат.

41. Өлчөө каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүк аны эксплуатациялоо мөөнөтү аяктаганга чейин колдонулат.

## 4-глава. Өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештигин сыноо

42. Өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештигин сыноо төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

1) чыгарылып жаткан же импорттолуучу өлчөө каражаттарынын сапатынын начарлашы тууралуу керектөөчүлөрдөн жана мамлекеттик көзөмөл органдарынан маалымат болгон учурда;

2) алардын конструкциясына же даярдоо технологиясына алардын ченемделген метрологиялык мүнөздөмөсүнө таасирин тийгизүүчү өлчөө каражаттарын киргизген учурда;

3) өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештик сертификатынын колдонуу мөөнөтү аяктаганда.

43. Өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештигин сыноо үчүн арыз ээси төмөнкүлөрдү берет:

1) эркин формадагы өтүнмөнү;

2) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө сертификаттын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн же түп нускасын;

3) тибин бекитүү максатында өлчөө каражаттарын сыноо актысынын жана (же) өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештигин акыркы сыноо актысынын көчүрмөсүн.

44. Арыз ээсинин катышуусунда өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкеш келүүсүн сыноо үчүн кокусунан тандоо ыкмасы менен, мезгил-мезгили менен сыноо үчүн партиядан стандартташтыруу боюнча документтерде белгиленген санда өлчөө каражаттарынын үлгүлөрү тандап алынат.

45. Бекитилген типтеги өлчөө каражаттарын конструктивдүү аткаруулардын саны көп болгон учурда, эгерде бул стандартташтыруу боюнча документтерде каралса, параметрдик катардын типтүү өкүлдөрү болуп саналган өлчөө каражаттарынын санынын ичинен үлгүлөрдү тандоо жүргүзүүгө жол берилет.

46. Метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык түзүлгөн өлчөө каражаттарынын үлгүлөрүн тандоо актысына метрология боюнча улуттук органдын жана даярдоочунун өкүлдөрү кол коюшат. Импорт боюнча алып келинген өлчөө каражаттарынын

үлгүлөрү тандалган учурда, жеткирип берүүчү уюмдун өкүлдөрүнүн катышуусунда жаңы келген партиядан тандоо жүргүзүлөт.

47. Сыноо аяктагандан кийин өлчөө каражаттарынын үлгүлөрү арыз ээсине кайтарылат.

48. Өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештигин сыноо метрология боюнча улуттук орган тарабынан бекитилген сыноо программасы боюнча жүргүзүлөт.

49. Өлчөө каражаттарынын сапатынын начардыгы жөнүндө маалымат болгон учурда өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештигин сыноо начарлоо жөнүндө келип түшкөн маалыматтардын мүнөзүнө жана параметрлерине гана текшерүү жүргүзүүнү камтыган программа боюнча жүргүзүлөт.

50. Өлчөө каражаттарынын бекитилген типке шайкештигин сыноонун натыйжаларына карата метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык сыноо протоколу (эки нускада) жана сыноо актысы (эки нускада) түзүлөт жана Комиссиянын кароосуна жиберилет, ал төмөнкүдөй чечим чыгарат:

1) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө мурда берилген сертификатты жокко чыгаруу же колдонуу мөөнөтүн узартуу жана Мамлекеттик реестрге тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

2) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө мурда берилген сертификатты колдонуунун укуктуулугу жөнүндө.

## 5-глава. Өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын жана өлчөө каражаттарынын тибин бекитүүнү таануу тартиби

51. Арыз ээси метрология боюнча улуттук органга төмөнкү документтерди берет:

1) эркин формадагы өтүнмөнү;

2) даярдоочу өлкө тарабынан берилген өлчөө каражаттарынын тибинин сыпаттамасы менен өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө сертификаттын көчүрмөсүн;

3) текшерүү методикасы менен эксплуатациялоо документтерин;

4) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү максатында өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын таануу боюнча иштерди жүргүзүү үчүн акы төлөөнү ырастоочу документтерди.

52. Берилген документтерге метрологиялык экспертиза метрология боюнча улуттук орган тарабынан 5 жумуш күндүн ичинде жүргүзүлөт, андан кийин ал өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын жана өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө сертификатты таануу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн Комиссиянын кароосуна киргизилет.

53. Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдердин шарттары арыз ээси тарабынан сакталбаган учурда, Комиссия өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын жана өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө сертификатты таанбоого укуктуу.

54. Кайчы пикирлер (талаш-тартыштар) келип чыккан учурда, арыз ээси Комиссиянын өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын жана өлчөө каражаттарынын тибин бекитүүнү таанбоо жөнүндө чечимин "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген административдик (сотко чейинки) жана кийин соттук тартипте даттанууга укуктуу.

55. Оң чечим болгон учурда метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык Мамлекеттик реестрге киргизүү менен сертификаттар берилет.

56. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүүнү таануу жөнүндө сертификат өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө таанылган сертификаттын жарактуу мезгилинде өндүрүлгөн өлчөө каражаттарынын эксплуатациялоо мөөнөтү бүткөнгө чейин эксплуатациялоо процессинде өлчөө каражаттарынын конструкциясына өзгөртүүлөр киргизилбеген шартта колдонулат.

57. Терс чечим кабыл алынган учурда Комиссия өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын таануудан баш тартууну негиздөө менен арыз ээсине кат жөнөтөт.

58. Кайчы пикирлер (талаш-тартыштар) келип чыккан учурда арыз ээси Комиссиянын чечимин "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген административдик (сотко чейинки) жана кийин соттук тартипте даттанууга укуктуу.

59. Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактарынын өтүнмөлөрү боюнча жүргүзүлгөн өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын таануу жана өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү боюнча жүргүзүлгөн иштерге акы төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген метрологиялык иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери боюнча, чет өлкөлүк юридикалык жактардын өтүнмөлөрү боюнча Стандартташтыруу, метрология жана сертификат берүү боюнча мамлекеттер аралык кеңештин чечимдерине ылайык жүргүзүлөт.

60. Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле Кыргыз Республикасынын техникалык жөнгө салуу жана метрология чөйрөсүндөгү улуттук органдары кошулган өз ара таануу жөнүндө башка уюмдар менен түзүлгөн макулдашуулар метрология боюнча улуттук орган тарабынан сыноолорду өткөрүүсүз төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болот:

1) өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын жана өлчөө каражаттарынын типтерин бекитүүнү таануу жөнүндө;

2) импорттолуучу өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин Мамлекеттик реестрге киргизүү жөнүндө.

## 6-глава. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү максатында өлчөө каражаттарына үчүнчү өлкөлөр жүргүзгөн сыноонун натыйжасын таануу тартиби

61. Эгерде өлчөө каражаттары үчүнчү өлкөлөрдүн эл аралык таанылган аккредиттелген сыноо лабораторияларында сыноодон өтсө, метрология боюнча улуттук орган өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжасын таануу жол-жобосун өткөрүп, өлчөө каражаттарын сыноо актысын (протоколун) берет.

62. Арыз ээси метрология боюнча улуттук органга төмөнкүдөй документтерди берет:

1) эркин формадагы өтүнмөнү;

2) даярдоочу - үчүнчү өлкө тарабынан берилген өлчөө каражаттарына сертификаттын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн (бар болсо);

3) өлчөө каражаттарын сыноо протоколунун (отчетунун) көчүрмөсүн;

4) өлчөө каражаттарына сыноо жүргүзгөн сыноо лабораториясын аккредиттөө жөнүндө сертификаттын (аттестаттын) көчүрмөсү;

5) эксплуатациялоо документтери (паспорт, техникалык сыпаттоо, эксплуатациялоо боюнча колдонмо (нускама);

6) текшерүү методикасынын көчүрмөсү (эксплуатациялоо документинин бөлүгү менен болушу мүмкүн) (зарылдыгына жараша).

Чет тилдердеги бардык документтердин көчүрмөлөрү расмий котормо компанияларында мамлекеттик же расмий тилдерге которулушу керек жана Кыргыз Республикасынын тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

63. Берилген документтердин метрологиялык экспертизасы метрология боюнча улуттук орган тарабынан 5 жумуш күндүн ичинде жүргүзүлөт, андан кийин ал өлчөө каражаттарын сыноонун протоколдорун жана өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү сертификатын таануу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн метрология боюнча улуттук органдын чечими менен бекитилүүчү формага ылайык материалдарды кароо актысы менен Комиссиянын кароосуна киргизилет.

64. Арыз ээси тарабынан метрологиялык экспертизага документтер толук комплектте берилбесе, Комиссия өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжасын таануудан баш тартууга укуктуу.

65. Оң чечим чыгарылса, өлчөө каражаттарын Мамлекеттик реестрге киргизүү менен метрология боюнча улуттук органдын чечими аркылуу бекитилүүчү формада өлчөө каражаттарынын тибин сыпаттоо менен сертификат берилет.

66. Терс чечим чыгарылган учурда Комиссия өлчөө каражаттарын сыноо протоколдорун таануудан баш тартууну негиздөө менен арыз ээсине кат жөнөтөт.

67. Кайчы пикирлер (талаш-тартыштар) пайда болгон учурда арыз ээси Комиссиянын чечимин "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген административдик (сотко чейинки) жана кийин соттук тартипте даттанууга укуктуу.

68. Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактарынын өтүнмөсү боюнча өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү максатында өткөрүлгөн өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжасын таануу иштерине акы төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген метрологиялык иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери боюнча жүргүзүлөт.

## 7-глава. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисин колдонуунун тартиби

69. Типти бекитүү белгисине карата техникалык талаптар:

1) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисинин сүрөтү ушул Жобонун тиркемесинин 1-сүрөтүндө келтирилген;

2) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисинин түзүлүш өлчөмү ушул Жобонун тиркемесинин 2-сүрөтүнө ылайык, белгиленген Н базалык өлчөмү менен аныкталат;

3) Н мааниси 6, 8, 10, 15, 25, 40, 60, 100 мм катарынан тандалат;

4) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгиси ар бир өлчөө каражаттарына жана өлчөө каражаттарынын ар бир нускасын коштогон эксплуатациялоо документтерине, даярдоочунун товардык белгисинин маркасынын жанына коюлат;

5) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисинин сүрөтү өлчөө каражаттарынын фонунда айырмаланган, даана, түшүнүктүү жана бир түстүү (каалаган түстө) жана көргөндө эле айырмалангыдай болушу керек;

6) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисин коюу белгинин так жана даана сүрөттөлүшүн камсыз кылган ар кандай технологиялык ыкмалар менен аткарылат.

70. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисин колдонуунун тартиби:

1) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгиси ушул Жобонун 2-7-главаларынын талаптарына ылайык бекитилген типтеги өлчөө каражаттарын маркалоо үчүн колдонулат;

2) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгиси ушул Жобонун 2-7-главаларына ылайык өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жол-жоболору өткөрүлгөндөн кийин, Кыргыз Республикасында өлчөө каражаттарын чыгарган же Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келинген юридикалык жактар же жеке ишкерлер тарабынан коюлат.

Эгер өлчөө каражаттарынын конструкциясы өлчөө каражаттарына типти бекитүү белгисин коюуга мүмкүндүк бербесе, анда аны эксплуатациялоо документтерине гана коюуга жол берилет;

3) стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгиси стандарттык үлгүлөргө жана эксплуатациялоо документтерине коюлат;

4) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисинин өлчөмүн (Н базалык өлчөмү) жана коюу ордун аны колдонууга укугу бар даярдоочу же алып келүүчү аныктайт;

5) өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө сертификатты колдонуу мөөнөтү бүткөндөн кийин өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисин колдонууга тыюу салынат.

## 8-глава. Өлчөө техникасын керектөөчүлөрдү маалыматтык камсыздоо

71. Кызыкдар болгон жеке жана юридикалык жактарды Мамлекеттик реестрге киргизилген өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү жөнүндө маалыматтар менен камсыздоону метрология боюнча улуттук орган жүргүзөт.

Өлчөө каражаттарынын,
стандарттык үлгүлөрдүн тибин
бекитүү, бирден нускада же
чакан партиялар менен Кыргыз
Республикасында даярдалган же
импорт боюнча ташып келинген
өлчөө каражаттарын каттоо,
өлчөө каражаттарынын жана
стандарттык үлгүлөрдүн тибин
бекитүү белгисин колдонуу
тартиби жөнүндө жобого
тиркеме

## Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисинин СҮРӨТҮ ЖАНА ӨЛЧӨМҮ

1-сүрөт. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисинин сүрөтү

2-сүрөт. Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү белгисинин түзүлүш өлчөмү

*Сүрөттөрдүн графикалык көчүрмөсүн караңыз.*

2-тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-декабрындагы № 614 токтомуна)*

# Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө ЖОБО

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо "Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин (мындан ары - Мамлекеттик реестр) жүргүзүү тартибин белгилейт.

2. Ушул Жободо пайдаланылуучу түшүнүктөр:

**Мамлекеттик реестр** - бул сыноо (изилдөө) жол-жобосунан өткөн өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн жана өлчөө каражаттарынын бекитилген типтерин каттоо жөнүндө жазуу белгиленген формада ишке ашырылган документ. Мамлекеттик реестр журнал түрүндө жүргүзүлөт;

**бекитилген өлчөө каражаттарын жана стандарттык үлгүлөрдү каттоо** - бул бир эле убакта каттоо номерин ыйгаруу менен сертификатта камтылган маалыматтарды Мамлекеттик реестрге киргизүү;

**бирден нускада же чакан партия менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо** - күбөлүктө камтылган маалыматтарды бир эле убакта каттоо номерин ыйгаруу менен Мамлекеттик реестрге киргизүү.

3. Мамлекеттик реестр контролдоочу-эсепке алуучу документ болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген тартипте колдонууга жол берилген өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн бекитилген типтерин эсепке алууга арналган.

4. Мамлекеттик реестрди метрология боюнча улуттук орган төмөнкү максаттарда жүргүзөт:

1) Кыргыз Республикасында колдонууга жол берилген өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү же өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн бекитилген тибин таануу жол-жобосунан өткөн өлчөө каражаттарын каттоо жана эсепке алуу;

2) кызыкдар болгон ишканаларды, мекемелерди жана уюмдарды маалыматтык камсыздоону уюштуруу үчүн борбордук фонд түзүү.

5. Өлчөө каражаттарынын тибин жана стандарттык үлгүлөрдү бекитүү жөнүндө сертификаттар, өлчөө каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктөр, ошондой эле өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн натыйжаларын таануу жөнүндө сертификаттар Мамлекеттик реестрдин каттоо номери бар болсо юридикалык күчкө ээ болот.

6. Өлчөө каражаттарынын тибин жана стандарттык үлгүлөрдү бекитүү жана өлчөө каражаттарын жана стандарттык үлгүлөрдү сыноонун натыйжаларын таануу жана каттоо боюнча иштердин материалдарын метрология боюнча улуттук органда сактоо мөөнөтү сертификаттын колдонулуу мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 жылды түзөт.

7. Мамлекеттик реестр жана өлчөө каражаттарын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, каттоо жана өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжаларын таануу боюнча иштердин материалдары архивге мамлекеттик сактоого белгиленген тартипте берилүүгө тийиш.

## 2-глава. Өлчөө каражаттарын жана стандарттык үлгүлөрдү Мамлекеттик реестрге киргизүү тартиби

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитүүчү Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоонун, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгисин колдонуунун тартиби жөнүндө жобого ылайык иштер жүргүзүлгөндөн кийин метрология боюнча улуттук орган тийиштүү сертификат же күбөлүк берүү жана каттоо номерин ыйгаруу менен өлчөө каражаттарын жана стандарттык үлгүлөрдү Мамлекеттик реестрге киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат.

9. Өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн, өлчөө каражаттарын изилдөөлөрдүн тиби бекитилгенден жана өлчөө каражаттарын сыноонун натыйжалары таанылгандан кийин каттоо жүргүзүлөт.

10. Өлчөө каражаттарын каттоо номери төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) KG 417 - МК (ИСО 3166) 004 ылайык Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттер аралык классификатору боюнча Кыргыз Республикасынын коду;

2) 01 - метрология боюнча улуттук органдын коду;

3) 12 - аткарылуучу иштин классификациясына ылайык иштердин коду;

4) 0 - каттоонун катар номери;

5) МО - бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо белгиси;

6) 00 - өлчөө каражаттарын каттоо жылынын акыркы эки саны.

Мисалы: KG 417/01.12.000 (МО) - 00.

11. Стандарттык үлгүлөрдүн каттоо номери төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) KG 417 - МК (ИСО 3166) 004 ылайык Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттер аралык классификатору боюнча Кыргыз Республикасынын коду;

2) 01 - метрология боюнча улуттук органдын коду;

3) СҮ - стандарттык үлгүнүн аталышынын аббревиатурасы, кыргыз тилинде: "стандарттык үлгү";

4) 0... - төрт белгиден турган каттоонун катар номери;

5) 2020 - стандарттык үлгүлөр катталган жыл.

Мисалы: KGСҮ.0000 - 2020.

12. Мамлекеттик реестр ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча өлчөө каражаттарынын тибин бекитүүдө журнал түрүндө жүргүзүлөт.

13. Мамлекеттик реестр стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүүдө ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча журнал түрүндө жүргүзүлөт.

## 3-глава. Маалыматтык камсыздоо

14. Мамлекеттик реестр Кыргыз Республикасынын аймагында колдонууга жол берилген өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн типтери жөнүндө расмий маалыматтардын булагы болуп саналат, метрология боюнча улуттук орган ошол маалыматтардын негизинде жеке жана юридикалык жактарды алардын суроо-талабына ылайык маалыматтык камсыздоону ишке ашырат.

15. Мамлекеттик реестрге киргизилген өлчөө каражаттары жана стандарттык үлгүлөр жөнүндө маалымат маалыматтык жыйнактарда, маалымдамаларда, метрология боюнча улуттук органдын сайтынын каталогдорунда жарыяланат.

Кыргыз Республикасынын өлчөө
каражаттарынын жана

стандарттык үлгүлөрдүн
мамлекеттик реестрин жүргүзүү
тартиби жөнүндө жобонун
1-тиркемеси

Форма

## Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРИ

### Өлчөө каражаттарынын жана изилдөөдөн өткөн өлчөө каражаттарынын бекитилген типтери

| Билдирме келип түшкөн дата | Мамлекеттик каттоонун номери | Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жөнүндө сертификаттын номери | Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүүнү таануу жөнүндө сертификаттын номери | Бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн белгиси | Сертификатты колдонуу мөөнөтү | Өлчөө каражаттарынын аталышы | Өлчөө каражаттарынын тиби | Даярдоочу | Билдирүүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |

Кыргыз Республикасынын өлчөө
каражаттарынын жана
стандарттык үлгүлөрдүн
мамлекеттик реестрин жүргүзүү
тартиби жөнүндө жобонун
2-тиркемеси

Форма

**Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн**
**МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРИ**

## Стандарттык үлгүлөрдүн бекитилген типтери

| Каттоо датасы | Мамлекеттик каттоо номери | Стандарттык үлгүлөрдүн аталышы | Даярдоочу - ишкана | Сертификаттын берилген датасы | Мамлекеттер аралык стандарттык үлгүнүн каттоо номери (эгер болсо) | Сертификатты колдонуу мөөнөтү |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |